КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
"ЫЙЫК АТА ЖУРТ" КООМДУК ЖАШТАР ФОНДУ
КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун
25 жылдыгына жана анын авторлорунун бири,
көрүнүктүү этнопедагог-изилдөөчү Сабыр Иптаровдун
60 жылдыгына арналган

# САЛТТЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТ ЖАНА БАЛДАР ДҮЙНӨСҮ

Подпись ... заверяю
Ученый секретарь ...

VIII РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК СИМПОЗИУМДУН ЖЫЙНАГЫ

Бишкек - 2017

*Осекова Т., Жумабаева Д.*
Үй-бүлөдөгү адеп-ахлак тарбиясы – баланын инсан катары калыптануусунун негизи шарты ........ 90
*Жумаев Н.*
Окуучулардын этномаданий компетентүүлүктөрүн калыптандырууда ЖРТнын мааниси ........ 96
*Жусуева Б.*
Сергек жашоо образынын кыргыз педагогикасында изилдениш абалы ........ 101
*Кийизбаева Н.*
Жогорку класстардын кыргыз тили сабактарында салттуу педагогикалык билимдерди колдонуу ........ 110
*Омурзакова К.*
Адабият сабагында окуунун түрлөрүн уюштуруу праңеси аркылуу тарбиялоо маселелери ........ 119
*Кадыралиева К.*
Каныкей энебиздин нарк-насили – кыргыз элинин адеп, маданиятынын чен-өлчөмү катары ........ 128
*Касымбекова Н.*
«Манас» эпосу – этносоциалдык эс тутумдун үлгүсү ........ 134
*Айталиева Т., Конгайтиева З.*
Кыргыз фольклорундагы тарбия темасы ........ 139
*Конгайтиева З., Айталиева Т.*
Элдик педагогиканын өзгөчүлүктөрү ........ 147
*Кулдашева Б.*
Үй-бүлөлүк таалим тарбиянын өрнөктүү тажрыйбалары жаш муундардын кылмыштуулугун алдын алуунун өбөлгөсү катары ........ 155
*Смадиярова З.*
Кыргыз макал-лакаптарындагы улуу менен кичүүнүн ортосундагы карым-катыш мамилелер жөнүндөгү педагогикалык ойлор........ 162
*Умарова Р.*
Үй-бүлө социалдык-педагогикалык иш-субьекти аракеттин обьекти катары ........ 167
*Аскарова Г.*
Каада-салттар – элдик педагогиканын булагы катары ........ 172
*Мырзабаева Н.*
“Манас” эпосунда кыз узатуу салтынын педагогикалык табияты ........ 177
*Мурзакметов А.*
Элдик педагогикадан бир сабак ........ 185



*Муратов А.*
«Манас» эпосундагы элдик генетикалык билимдер ........ 193
*Муратова А.*
Комуз күүлөрү – таалим-тарбиянын көөнөрбөс көрөңгөсү ........ *198*
*Нажимидинова А.*
Бешик ыры салттык тарбиянын башаты катары ........ 203
*Жакыпова Н.*
Үй-бүлөлүк жана мектепке чейинки таалим-тарбиянын өрнөктүү тажрыйбасын этнопедагогикалык багытта өркүндөтүү көйгөйлөрү ........ 208
*Думанаева Н.*
Болочок мугалимдердин балдар оюндары боюнча билимдерин өнүктүрүүдө Махмуд Кашгаринин “Түрк тилдер сөздүгүн” колдонуу ........ 212
*Сакиева С.*
Башталгыч класста Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын окутулуу ........ 220
*Тойчубекова Г.*
Салттык педагогикалык маданият аркылуу математиканы окутуу ........ 227
*Исакова Ү.*
Үй-бүлөлүк жана мектепке чейинки таалим-тарбияны өнүктүрүү тажрыйбасын этнопедагогикалык багытта өркүндөтүү көйгөйлөрү ........ 235
*Жумабаева Д.*
Ж.Баласагындын “Кут алчу билим” чыгармасындагы каниет кылуу тууралуу идеялар аркылуу жаш муундарда баалуулуктардын калыптанышы ........ 241
*Абдурахманова Г.*
Поликультурное воспитание подрастающего поколения на основе этнопедагогики через межкультурный диалог и толерантность ... 249
*Алиева Б.*
Жаңы муундагы мугалимди даярдоодо салттык педагогикалык маданиятты колдонуу ........ 254
*Найманбаев М., Чоюнова А., Шишкараева А.*
Балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алууда элдик педагогикалык билимдерге таянуу ........ 261
*Ташиев Н., Дуванакулов М.*
Мезгил жана тарбия ........ 266



Подпись ________ заверяю
Ученый секретарь ________
...ГУ им. ...АЛЫЕВА

Муратова Айнура Муратовна

# Комуз күүлөрү – таалим-тарбиянын көөнөрбөс көрөңгөсү

И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика факультети, мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасынын ага окутуучусу .
Бишкек шаары

Кыргыз эли – эң бай музыкалык фольклорду жараткан эл. Элибиздин рухий-адептик дөөлөттөргө бай "Манас" баш болгон залкар эпосторубуз, дастандарыбыз, Арстанбек, Жеңижок, Токтогулдай сандаган ак таңдай акындарыбыздын поэзиясындагы терең маанилүү санат-насыяттар, Карамолдо, Ниязаалы сыяктуу комузга кол ойнотуп черткен, «кулактан кирип бойду алган» сандаган залкар күүлөр, Боогачы, Мусалар созгон керемет обондор улуттук маданияттын баа жеткис асыл кенчи.

Кыргыз эли бир сырдуу, миң кырлуу айкөл эл. Мына ушул айтылган сөздү аныктагың келсе, жан жолдошу, сырдашы – үч кыл комузунан сура деп айтылып келет элде. Себеби, сөз менен айта албаганды күүгө салышып, ой туюмду чечмелеп айта албаганда кыл кайрыгына салып, кайрып келишкен.

Акылмандык нускоолор «Насыйкат» күүлөрдө чертилсе, муң-кайгыны «Ботой» күүлөр коштогон. Ал эми «Камбаркандарда» өмүр, жашоо өктөсү, «Арман» күүлөрдө жокчулук, жашоодогу кыйын учурлар, «Күйгөн күүдө» махабат темасы чагылдырылып берилген.

Элибиздин залкар классик акыны А.Осмонов кыргыз элинин сыймыгы «комузду» мындай деп ырга салган:

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз
Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз
Опоңой көргөн көзгө жөпжөнөкөй
Бирок да өнөрү бар айтып болгус
Кылымдан-кылым санап көксөй-көксөй
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй.
Бул комуз көп сууларды кечип келген,
Эли да комузундай жөпжөнөкөй

Жөнөкөй элдин жөнөкөй музыкалык аспабы – комузда нечендеген кылымдарды карыткан элдин карт тарыхы камтылган. Демек, баба өмүрүн билген караңгыда шам чырактуу деп айтылгандай, комуз күүлөрүн, комузчулар менен тааныштыруу аркылуу бүгүнкү күндүн муундарына таалим-тарбия берип, аларды терендеп тааныштыруу – мезгилдин талабы.



Акын К.Жакыпов өз ырында:

Комуз күүсү – кылымдардын кайрыгы,
Комуз күүсү – кыргызымдын байлыгы.
Комуз күүсү, өзүң менен шаңданат,
Касиеттүү Ала-Тоонун айдыңы.
Комуз күүсү – унутулгус уламыш,
Комуз күүсү – улут күчү урагыс.
Комуз күүсү, сендей ыйык мурасты,
Кетилтпестен келечекке сунабыз! – деп белгилеп өтөт.


Ооба,чындыгында эле элдин тарыхын боюна сиңирген комуз күүлөрү элдик педагогиканын эң башкы бөлүктөрүнүн бири катары бүгүнкү күндө жалпы билим берүүчү мектептерде окуучуларга билим берүүдө маанилүү орунду ээлейт. Бул маселени чөчүүдө жалпы билим берүүчү мекемелердин 5-7-класстары үчүн «Музыка» предмети боюнча программасында 5-класстын 1-чейрегинде комузчулардын чыгармачылыгы аркылуу комуз күүлөрү менен терең тааныштыруу жана ал күүлөр аркылуу окуучуларды элдин тарыхы менен тааныштырып, таалим-тарбия берүү мүмкүнчүлүгү каралган. ***(түзүүчүлөр:** Дуйшеналиев Ж. С. жана М. Касей).*

Мисалы, **Карамолдо Орозовдун «Насыйкат» күүсүнүн сюжети.**

«Насыйкат» деген сөздүн мааниси – «нускоо», «насыят», «насаат» деген түшүнүктөрдү берет. Күүдө жаш-кары, чоң-кичине дебей, акыл-эстүүлүккө, акыйкатка, ыйман, адеп-аклакка үндөө чакырыгы жатат.

Карамолдо Орозовдун өзүнөн «насыйкат» деп эмнени айтат деген суроого ал, «жаман болбой жакшы бол» деген сөз деп жооп берген.

Акылдуунун белгиси – азыраак сүйлөп, көп тыңшайт.
Бутунан мүдүрүлгөн турат, сөзүнөн мүдүрүлгөн турбайт.
Дүйнө топтоп дөөлөттүү болгончо,
Акыл топтоп сөөлөттүү бол! – деген насыйкат сөздөр окуучуларга чоң таасир берет. Күүнүн ойнолушу да токтоолук менен салмактуу, ойлуу аткарылат. *Мисал №1: К.Орозов «Насыйкат»*




**К.Орозовдун «Ибарат» күүсүн сюжети:**

«Мен айтканым – Ибарат.
Сен кылбагын кыянат!

Тартасың анын азабын,
Акыр түбү – кыямат!» *(Алдаш Молдо)*

**Макалдардагы ибарат:** « Таш менен урганды, аш менен ур».
«Атаңдын ботосун алганча, батасын ал».
«Мактоо көптүрөт – чагым өлтүрөт».
«Өзүң урган таш – өз башыңа муш».

**Суроо:** Адамдагы улуулук касиеттер кайсылар?

**Жооп – ибарат:** Улуулук ата-тегинде, кызматында эмес, ар адамдын адеп-ахлак, акыл-ой жүгүртүүсүндө.

**Суроо:** Акылмандар, даанышмандар менен жан сырдаш болгуң келеби?

**Жооп – ибарат:** Ал үчүн илимдин туу чокусуна жет, өнөр-билимиң менен, жагымдуу мүнөзүң менен даанышмандар сабына жет!

Бул күү окуучуларды кыргыз фольклору – макал-лакап, санат-насыяттын негизинде тарбиялоого жол ачат.

**Ы.Тумановдун « *Жаш тилек*»** күүсүнүн сюжети

Бул күүдө жаштардын илим-билим алууга болгон умтулуусу, эңсөөсү чагылдырылат. Ар кандай адистикке ээ болуу – жаштардын тилегин комуз күүсү менен Ыбрай берсе, ал кайрыкты Абдрасул Токтомушев поэзия тилинде мындай чыгалдырган:

Көчө бойлоп, кээде ойноп,
Кыт-кыт күлүп, катар жүрүп,
Келе жатты үч бала. **Анын бири:**
«Чөлгө барып, канал салып,
Суу чыгарып, жер сугарып….»
Инженер болууну самайт. **Катарындагысы**:
«Көрөсүң сен, чоңойсом мен,
Москвага барамын, окуп- окуп…
Көз жетпеген… Сонун үйлөр саламын» -
деп дегдейт.**Үчүнчү жеткинчектин тилеги:**
«Мен да толом, учкуч болом,
Көккө тийип, өтө бийик,
Ай алдында, алыс учуу тилегим».

Күү келечекке жол ачып алга умтулуулар, туура кесип тандоого багыт берүүгө түрткү болот.

**Айдараалы Байшукуровдун «Аялдарды сыпаттоо»** аттуу **терме** мүнөзүндөгү ыр аралаштырылып чертилген күүсүндө **Айдараалы:**



**Жакшы аялдын белгиси:**
Үйүнө мейман келгенде,
Каттамасын кат кылат,
Көп аялдан бат кылат.
Жупканы жайып жуп кылат,
Меймандын көөнүн куш кылат.
Ийик ийрип кап кылат,
Ийги менен тап кылат.

**Жаман аял бегиси:**
Үйүнө конок келгенде,
Атала ботко аш кылат.
Тузун ачуу шор кылат.
Меймандын көөнүн кор кылат.
Эт сал десе аз салат,
Бышканда жарымын жеп салат.
Жыгылып калат чапканга,

Машыгып калат качканга деп аялдардын жакшыларын мактап, жамандарына сын коюп, алардын кылган иштерин туурап, угуучуларды күлкүгө бөлөгөн.

Жогоруда белгилеп өткөндөй комуз күүлөрү аркылуу кыргыз элинин тарыхы менен да тааныштыра алабыз. Мисалы, комуздун жаралышы, «Күүнүн башы Камбаркан» деп аталыш себеби, комуз күүлөрүнүн бөлүнүшү жана ар кандай тарыхый күүлөр камтылган.

“Камбаркан” –күү атасы, күүнүн башы,
Анда бар азап тарткан элдин жашы,
“Камбаркан” күү атасы, күүнүн зору,
Кылымдап кайталанган нечен жолу. (*Ж.Садыков.)*

Кылымдап кайталанып, кыргыз элинин тарыхын боюна сиңирген миңдеген саптан турган “Манас” эпосу да тарыхый күүлөр катарында эпостун каармандарынын образдарын ачып берип турат. **«Манас» эпосу** “Каныкейдин арманы”, “Чоң кошуун”, “Семетей күү”, “Алмамбеттин арманы”, “Алмамбет менен Чубак”, “Чоң казат”, “Каныкейден каалгыма”, “Семетей күү”, “Айчүрөктүн Семетейдин Ак шумкарын ала качышы” сыяктуу комуз күүлөрүндө чагылдырылган.

Эпостогу “Каныкейдин жомогу” аталган окуя комуз күүсүндө “Каныкейден каалгыма” деп чертилет. **Күүнүн сюжети:** “Семетей таята, таякелеринен, чоң энеси Чыйырдыдан, энеси Каныкейден бата алып,

Подпись заверяю

Тулпар минген турчу эмес,
Тууганга жетпей тынчы эмес.
Кош апаке, берекем,
Ала-Тоолук элимден,

Адашып келген мен экем, - деп Семетей Таласты издеп жөнөгөнү, Таласка келип Манастан калган Кумайык, Акшумкар, Желмаяндар менен кездешип, айкөлдүн жарактарын колуна алганы чагылдырылат.

Демек, «Манас» эпосу кыргыз элинин турмушунда көркөм-эстетикалык жагдайда гана роль ойнобостон, идеялык-саясий, тарбиялык, таанып билүү жаатында да зор мааниге ээ.

Ошондой эле кол ойнотмо «Маш ботой», «Көйрөң күү», «Кыз кербез» күүлөрүнүн да тарбиялык-идеялык маанисин ачып берип, айтым күүлөр «Ботой», «Ак Бакай», «Саринжи-Бөкөй», «Кет Бука» күүлөрү аркылуу балдарды тек гана комуз күүлөрү менен тааныштырбастан, элдик санжыра, элдик эпос менен тааныштырып, алардын жан дүйнөсүн байыта алабыз.

Демек, музыкалык уктурууда комуз күүлөрү аркылуу балдардын чыгармачылык активдүүлүгүн кеңейтип, залкар комузчулардын чыгармачылыгы менен тааныштырып таалим-тарбия берүүгө жетишсек болот.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Алагушов Б. Кыргыз музыкасынын тарыхынан:Ф.: -Мектеп, 1989.
2. Дүйшалиев К.Ш. Кыргыз эл музыкасы: Окуу китеби. – Б.: «Шам»,2007.
3. Кайбылда уулу Асан. Кыргыз күүлөрү:Иликтөөлөр,ойлор,пикир лер: - Б.: 2011.
4. Кайбылда уулу Асан Күү баяны: Иликтөөлөр, ойлор, пикирлер. –Элпек, 2000.508б.
5. Кут билим газетасы, 2013 – жыл , 22 – ноябрь


Подпись ______ заверяю
Ученый секретарь ______
КГУ им. И. Арабаева



Наристени урукка салыштыра турган болсок: уруктун эң сонун түшүм берүүсү үчүн, ага шарт түзүп берүүбүз абзел. Жер, суу, аба, жылуулук, дары-дармек, отоо чөптөрдөн коргоочу каражаттар, мисалы. Аталгандар канча убакыт өтсө деле, эч өзгөрүлбөй, ошол бойдон колдонулуучу нерселер. Урук үчүн суу маанилүү деп дозадан ашырып,эртели-кеч бир гана суу берүү анын чирип жок болушуна, бир гана күн, жылуулук деп отуруп, кургап жок болушуна, дары-дармек берип отуруп, ууланышына себепчи болуп, эч качан жакшы жыйынтык чыкпай, болгону өзүбүздүн калп эле чарчап, убара болушубуз калат. Бардык нерсенин азы да, көбү да зыян, бирок баланcты сактоо оңой да эмес, кыйын да эмес экендигин баарыбыз билебиз. Азыркы жашоо билем, билем деген куру сөздү эмес, билген нерсебизди иш жүзүнө ашырууну талап кылууда. Куш канчалык узак учса дагы, кайра өз уясына келет дегендей, ата-бабаларыбыз таштап кеткен баалуулуктарды жашообуз менен жуурулуштуруп жатып ийгиликтин ачкычын табарыбызды айтып жатат.

Дүйнөнү үч күндөн турат деп коюшат: кечээ, бүгүн, эртең. Табышмактуу үч күндө эмне болорун билген эне тогуз ай курсагында көтөрүп эмне кылмак. Тогуз ай ичинде жасалган кыймыл-аракет, желген тамак-аш, ичилген суусундук, алынган витамин, эненин ден соолугу, тынчтыгы ушулардын баары баланын 9 айдан кийин дүйнөгө келишине салымы чоң. Майдалап, төрөлгөндөн баштап, 7 жашка чейин деп, күн, ай, жыл санап жазсак жарашат. Бирок макалада маанилүү баскычтарга гана басым жасагым келип турат.

Илгери улуулардын астында аша чабып, балдарды обу жок эркелетүү такыр жасалган эмес экен. Баланын эки бетинен эмес маңдайынан сүйүп, баланын өзүнө болгон ишенichин козгочу экен. Улуудан мурда сөз баштатпай, улууларды угууну үйрөтүүчү экен. Турган отурганга салам берүүсү керектигин, салам бергенге аликтин эң жакшысын айтууну, кичине болсо да, жакшылык жасаганга рахмат айтып, ыраазычылык билдирүүнү, кичинесинен жумшап, аны көп нерселерди аткара билүүсүнө жол ачууну, ачууга алдырбай күлүп жеңе билүүнү, атка жеңил тайга чак кылып кичинесинен келечекке тарбиялап, алсыз көргөн урукту келечекте ордунан эч ким козгой албаган түптүү, чоң даракка айландырышчу экен. Жылына гүлдөп, жаңы мөмө берип тегерегиндегилерди мөмөсү менен багып, сүйүнтүп жатып, айланасындагы суу, аба, жылуулуктан өзүнө дагы керектүүсүн ала билүүнү үйрөтүшкөн тура. Мындайча айтканда, акыл-ойдун кенчи аталган ата-бабаларыбыз жаңы муунду жакшы тарбия менен сугарып отуруп, адамзат тукумун улоодогу таалим-тарбия төмөнкүдөй функциялар аркылуу ишке ашарын көрсөтүп кеткен тура: